Бекитемин
Мектеп директору
Танарова К.М.

**Предметтик жумалыктын Жобосу:**

**1.1.Жалпы Жобо.**

Методикалык жана илимий методикалык иш пландын негизинде мугалимдердин кесиптик компенентин жогорулатуу максатында жана ошондой эле окуучулардын таанып билүү жана чыгармачылык активдүүлүгүн өстүрүү үчүн мектепте ар жылы предметтик жумалыктар усулдук бирикмелер тарабынан өткөрүлөт.

**1.2. Предметтик жумалыктардын милдеттери.**

-Педагогдордун кесиптик чыгармачылыгын ачык сабактарды жана сабактан тышкаркы иштерди даярдоо, уюштуруу, өткөрүү аркылуу өнүктүрүү.

- Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу, алардын предметке болгон кызыгуусун арттыруу.

- Чыгармачыл, тубаса жөндөмү бар окуучуларды, кайсы бир анык предметти тереңдетип үйрөнүүгө умтулган окуучуларды интенсивдүү окууга тартуу.

**2. Предметтик жумалыктарды уюштуруунун жана аны өткөрүүнүн тартиби.**

2.1. Предметтик жумалык мектептин иш планынын негизинде өткөрүлөт.

2.2. Предметтик жумалыктарды даярдоонун жана өткөрүүнүн планы усулдук бирикме аркылуу түзүлүп, өткөрүүдөн эки жума мурда директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары аркылуу бекитилет.

2.3.Усулдук бирикмелер, мектептеги өзүн-өзү башкаруу органы, предметтик жумалыктардын уюштуруучусу болуп эсептелет.

**2.4.Предметтик жумалыктын катышуучулары.**

-Өткөрүлүп жаткан предметтик жумалыктын предметинен сабак берген бардык мугалимдер.

-Ушул предметти окуп үйрөнүп жаткан окуучулар, ата-энелер.

**2.5. Предметтик жумалыкта төмөнкү иш чаралар өткөрүлөт.**

-Предмет боюнча стандарттык эмес сабактар.

-Класстар аралык класстан тышкаркы иш чаралар.

-Жалпы мектептик иш чаралар.

-Интеграцияланган иш чаралар жана сабактар.

-Билим берүү багыттарын бир предметтик жумалык ичинде интеграциялоо.

-Экскурсиялар.

2.6. Методикалык бирикмелердин жетекчилери предметтик жумалыкка пландаштырылган ачык сабактардын жана иш чаралардын ар түрдүү өткөрүү формаларынын санын жалпы мектептин милдеттерине жараша аныктайт.

2.7. Предметтик жумалыкты өткөрүүдө ар түрдүү көргөзмөлүү маалыматтар болуш керек. Чыгармачыл иштердин көргөзмөсү , газеталардын, баракчалардын, плакаттардын конкурстары, пресс-центрдин иштери, сүрөт көргөзмөсү, китеп көргөзмөлөрү жана башкалар.

2.8. Предметтик жумалыктын жыйынтыгында жумалыктын активдүү катышуучулары (мугалимдер, окуучулар) эстелик сыйлыктар жана ардак грамоталар менен сыйланышат.

2.9. Предметтик жумалыктын жыйынтыгы боюнча мектепте окуучулардын илимий коому түзүлөт.

2.10.Предметтик жумалыктын акырында усулдук бирикменин кеңешмесинде өткөрүлгөн иш чаралар анализделет.

2.11. Предметтик жумалыктын жыйынтыгы боюнча усулдук бирикменин жетекчиси мурда директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына төмөндөгү документтерди тапшырат.

**Предметтик жумалыктын планы.**

-Ачык сабактардын, иш чаралардын пландары жана сценарийлери.

-Предметтик жумалыкты даярдоо жана өткөрүү убагында өзгөчөлөнгөн окуучулардын тизмеси.

-Предметтик жумалыктын жыйынтык анализи.